КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**13.09.2024 -ж.** **№1** **Бакай-Ата айылы**

**“Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчик реестрин бекитүү жөнүндө”.**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчик реестрин бекитүү жөнүндө Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовдун сунушун карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышын 10-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчик реестри тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн коммуналдык чарба жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адиси Р.Сыдыковго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы, Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата, улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**13 .09.2024 -ж.** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**"Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн реестринде турган муниципалдык обьектилерди жана Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык техникаларды "Ак-Тилек-Максат" муниципалдык ишканасына башкарууга өткөрүп берүү жөнүндө".**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн реестринде турган муниципалдык обьектилерди жана Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык техникаларды "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына башкарууга өткөрүп берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовдун сунушун карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 10-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн реестринде турган муниципалдык обьектилерди жана Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык техникаларды тиркемеге ылайык, "Ак-Тилек- Максат" муниципалдык ишканасына башкарууга өткөрүлүп берилсин.
2. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
3. Бул токтомду аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн коммуналдык чарба жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адиси Р.Сыдыковго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы: К.Атантаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**13.09.2024-ж.** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын биринчи жарым жылдын жыйынтыгы менен калган акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын биринчи жарым жылдын жыйынтыгы менен калган акча каражатын бөлүштүрүү жана чыгымдоо боюнча маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 10-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын биринчи жарым жылдын жыйынтыгы менен калган 2.612.000 (эки миллион алты жүз он эки миң) сом акча каражаты төмөндөгүчө бөлүштүрүлсүн.
   - "В.И.Ленин" атындагы билим берүү орто мектебинин башталгыч класстарынын окуу корпусунун электр жабдууларын алмаштырууга 200.000( эки жүз миң) сом;
   - Бакай-Ата айыл аймагында жайгашкан 5 мектеп жана 5 бала бакчага "Инфадокс" СЭД программасын орнотууга 100( жүз миң) сом;
   - Бакай-Ата айыл аймагындагы жайгашкан беш бала бакчаларга эмеректерди жана керектүү шаймандарды сатып алууга 250.000 (эки жүз элүү миң) сом;
   - Бакай-Ата айылындагы көчөлөргө асфальт басууга 2.062.000 (эки миллион алтымыш эки миң) сом бөлүнсүн.
2. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы: К.Атантаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**13.09.2024-ж.** **№4** **Бакай-Ата айылы**

**"Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинде ЖКХ бөлүмүнүн 2215 статьясындагы таштанды чыгарууга жана мектеп менен бала бакча бөлүмүндөгү 2221 статьясындагы ремонт иштерине каралган акча каражатын статьядан статьяга жылдырууга макулдук жөнүндө".**

Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинде ЖКХ бөлүмүнүн 2215 статьясындагы таштанды чыгарууга жана мектеп менен бала бакча бөлүмүндөгү 2221 статьясындагы ремонт иштерине каралган акча каражатын статьядан статьяга жылдырууга макулдук жөнүндө маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 10- кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. ЖКХ бөлүмүнүн 2215 статьясындагы таштанды чыгарууга каралган 120.000(жүз жыйырма миң) сом акча каражатын 2214 авто тетиктерди сатып алуу статьясына;
2. Мектеп жана бала бакча бөлүмүндөгү 2221 статьясындагы калган акча каражатын 2222сатып алуу статьясына жылдырууга макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткаруу жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы А.Тазабековага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

# ТОКТОМ

**13.09. 2024-жыл** **№ 5** **Бакай-Ата айылы**

**“Бакай-Ата айылында жайгашкан “Мээрим ” балдар бакчасынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2025-жылдын үлүштүк дем берүүчү грантына долбоорду сунуштоо жана Бакай-Ата айыл өкмөтү тарабынан өздүк салым катары 3.458.516 (үч миллион төрт жүз элүү сегиз миң беш жүз он алты) сом Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө”.**

Бакай-Ата айылында жайгашкан “Мээрим” балдар бакчасынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2025-жылдын үлүштүк дем берүүчү грантына долбоорду сунуштоо жана Бакай-Ата айыл өкмөтү тарабынан өздүк салым катары 3.458.516(үч миллион төрт жүз элүү сегиз миң беш жүз он алты) сом Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү боюнча маселени карап чыгып, талкуулап Бакай-Ата айылдык Кенешинин VIII чакырылышынын 10-кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айылында жайгашкан “Мээрим” балдар бакчасынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн 2025-жылдын үлүштүк дем берүүчү грантына Бакай-Ата айыл өкмөтү тарабынан өздүк салым катары 3.458.516 (үч миллион төрт жүз элүү сегиз миң беш жүз он алты) сом Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинен бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БАКАЙ-АТА АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАКАЙ-АТИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

7230800 Бакай-Ата району, Бакай-Ата айылы,
Манас көчөсү № 46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

723800 Бакай-Атинский район, село Бакай-Ата,
улица Манаса №46, тел. (03457) 3-22-81, 6-02-23

---

# ТОКТОМ

**13.09. 2024 -ж.** **№ 6** **Бакай-Ата айылы**

**“ Бакай-Ата айыл аймагында жайгашкан “ Чоң-Алыш” балдар бакчасынын оюн аянтчасын куруу боюнча долбоорун Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо жөнүндө”.**

Бакай-Ата айыл аймагында жайгашкан “ Чоң-Алыш” балдар бакчасынын оюн аянтчасын куруу боюнча долбоорун Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы Тынысоов Урмат Аалкановичтин сунушун угуп, талкуулап депутаттардын Бакай-Ата айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын 10-кезексиз сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагындагы “Чоң-Алыш” балдар бакчасынын оюн аянтчасын куруу боюнча долбоору жактырылсын.
2. Бакай-Ата айыл аймагындагы “Чоң-Алыш” балдар бакчасынын оюн аянтчасын куруу боюнча долбоордук өтүнмө бекитилсин.
3. Долбоорду Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондуна сунуштасын.
4. “Чоң-Алыш” балдар бакчасынын оюн аянтчасын курууга Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн өздүк салым катары 500.000 (беш жүз миң) сом бөлүнүп берилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Тынысовго жүктөлсүн.

**Бакай-Ата айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **К.Атантаев**